*УДК: 398.22*

**Г.Т. Жамгырчиева, филол.и.к., доцент, ОшМУ**

**Кыргыз эпосторундагы эненин архаикалык образынын берилиши**

*Макалада кыргыз эпосторундагы эненин архаикалык образы дүйнөлүк фольклордун материалдарынын планында салыштырмалуу каралды.*

***Ачкыч сөзөр:** архаика, эне культу, дүйнөлүк фольклор, эпос.*

*В статье рассматривается архаический образ матери в кыпгызском эпосе в сравнительном плане с материалами мирового фольклора.*

***Ключевые слова:** архаика, мировой фольклор, образ матери, эпос.*

Кыргыз эпосторунда эненин культтук образы байыркы доорлордо эле калыптангандыгы белгилүү. Элге кереги тийүүчү баатырдын жарык дүйнөгө келишинде, өсүп-жетилишинде, аны ар кандай кырсыктардан коргоп калууда энесинин орду теңдешсиз. Кыргыз фольклорунда эне-кудай Умай эненин образы теткеш түрк-моңгол элдеранини элдик оозеки чыгармаларындагыдай эле жаш балдарды колдоочу эне сыпатында учурайт.

“Манас” эпосунда баатыр баланы энеси Чыйырды төрөп жаткандагы Умай эненин жардам берүүсү, анын кош бойлуу аялдардын, жаш балдардын колдоочусу экендиги жөнүндөгү аңыз да эпосто өз ордун тапкан:

Толготконмындай ким болгон,
Тарткандардынбаарысы
Талыкшып колу тимболгон.
Умайэнеберипте
Урду келипбаланы,
Урганыначыдабай
Үжүттүкөздөйбарганы [1. 47].

«Манас» эпосунун өтө байыркы катмарларын өзүндө сактап калгандыгы менен айырмаланган түштүк варианттарында баатыр болуучу баланын энесинин курсагында сүйлөшү да орун алган. Ташов Акундун жана Акбаев Матисактын варианттарында Манас энесинин курсагында жатып сүйлөйт:

Өлөңдүү жерге туубагын
Өлөңсүз эрлер болбоюн.
Коктулуу жерге туубагын,
Кожоңсуз эрлер болбоюн.
Жылга ылдый жылдыргын,
Жылуу шамал жүргүзгүн.
Табылгы кармап туба көр,
Табылгыдай нурлуу эрлер болоюн.
Ыргай кармап туба көр,
Ыргайдай катык эрлер болоюн.
Жер түбүндө жекенде,
Жекенде кармап туба көр.
Чапса кылыч, ок өтпөс,
Катык эрлер болоюн! [2. 12].

Ушул эле мотив фольклорист В.Я. Пропптун Африка урууларынын жомокторун изилдөөсүндө да кездешкендиги кызыктуу көрүнүш:Случилось женщина забеременала. Случилось, однажды, заговорил ребенок в утробе. Сказал он: «Скорей рожай меня, скот моего отца уничтожают люди...» ребенок вышел из утробы, выйдя он встал. Сказала его мать: «Поди,сюда, дай я перережу (пуповину)». Сказал ребенок: Нет, не надо, не перерезай у меня, я сам взрослый – муж совета» [3. 239].

БиринчикелтирилгенмисалдагыМанастынтөрөлөэлекжатыпэнесинекайрылыпкурсактансүйлөшү анынкайсыжердетуулуп, кандайадамболупчыгарынанкабатырлануусумаанисиндеболсо, экинчимисалдагыбаланынкурсактансүйлөшүатасынынмалынынбөлүнүпжаткандыгынанкабатырлануу, аннысактапкалуугашашылуумаанисиндеболуп, баланынадаттантыш тез

өсүүсүмененбиргеберилипжатат.
Көрүнүптургандайбаланынкурсактансүйлөшүдүйнөлүкфольклордокездешүүчү, эзелкиэлдиктүшүнүктөргөнегизделгенмотивдерденболупсаналууменен, болочокбаатырдынкелечектегиаткаруучуфункциясынан, төрөлүшмаксатынан, тагдырынанкабарбериптурат.

Архаикалык-мифологиялыккыргызэпосторундагысюжеттикбашталышындаборбордуккаармандынукмуштуутөрөлүшүбашкыролдуойнойт. Каармандын укмуштуу төрөлүшү сыйкырдуу жомоктордун, уламыштардын айрым типтерине мүнөздүү. Каарман энесинин сыйкырдуу алманы жегендигинен, сууну ичкендигинен ж.б. себептерден төрөлөт. Бул мотив эң байыркы тотемисттик ишенимдер жана партеногенез жөнүндөгү элестөөлөргө (түшүнүктөргө) байланышкан [4]. Ошолэлеучурдаата-энесининбири пери же нурболгондугубелгиленет.

“Манас” эпосунун түштүк варианттарынын ичинен Акбаев Матисакта Манас менен Калдыргач атүгүл эгиз болуп, бир мезгилде төрөлөт. Жусуп Мамайда бул башкачараак планда берилет. Чыйырды мында биринчи Калдыргач аттуу кыз төрөйт, экинчи жолу кош бойлуу болуп Манас төрөлөт. Баатырдын кыз бир тууганду болушу «Манастан» башка да кыргыздын кенже эпосторунда кездешет, «Эр Табылдыдагы» башкы каармандын карындашынын аты да Карлыгач, ал агасынын сырдаш-муңдашы, жакын жардамчысы, жан күйөр адамы болуп берилет. Казак элинин «Алпамыс» эпосундагы Алпамыс карындашы Карлыгаш менен эгиз төрөлөт, анын баатыр катары калыптанышында Карлыгаш маанилүү роль ойнойт. Якут олонхолорундагы башкы каармандын, «жердеги биринчи адамдын» да кыз бир тууганы болушу, анын баатырдын колукту издеп үйлөнүүсүндөгү, душман менен күрөштө жеңишке жетишүүсүндөгү же уурдалып кетип, аны издөө менен башкы баатырдын ар түрдүү окуяларга туш болушундагы ролун эске салсак, ошондой эле бурят улигерлеринде, шор, алтай эпосторунда да бул сюжеттик элементтин өтө туруктуу жолугушу менен салыштырып көрсөк «Манас» эпосунун түштүк варианттарынын жана Жусуп Мамайдын вариантынын каралып жаткан фольклордук архаикалык катмарды сактап калгандыгын далилдеп турат.

Мындан мурунку айтылган ойлордо да көрүнүп тургандай, өзүнүн көп кылымдык өмүрүнө жараша баатырдык-архаикалык да, тарыхый эпикалык да сапаттарды өзүндө ала жүргөн “Манас” эпосу баатырын өлүп кайра тирилиши деген байыркы сюжеттик мотивден куру эмес. Анын түштүк варианттарында Манас баатыр үч жолу өлүп тирилет. Баатырдын төрөлүшү, ага ат коюу, баатырдык үйлөнүү, үч жолу өлүп кайра тирилүүсү – булардын баары эпостун түштүк варианттарын башка элдердин эпикалык мурастарында кеңири кездешкен мотивдер менен жакындаштырып турат.Айтуучу Султанов Бөрүбайдын вариантында Манас “көзүндө көөрү, тилинде мөөрү бар” аял Накылайдын тилин албай, натыйжада анын каргышы боюнча Дөштүктүн (Төштүк – Ж.Г.) огунан өлөт, Манасты энеси Куурсун Таластагы Ак-Мазарга алып барып тирилтет. Бул якут олонхолорундагы баатыр душмандан мерт тапканда анын сөөгүн энеси жыйнап, темир бешикке салып терметип жатып кайра тирилтип алган мотивге өтө үндөшөт. Ал эми Досу Ташматовдун вариантында Манас жогоруда эскертилгендей үч жолу өлүп кайра тирилет, биринчисинде Көкчөдөн өлөт, экинчисинде Ороздун баласы Токтобай мергенчи атып өлтүрөт, үчүнчүсүндө болсо Кара дөөдөн өлөт. Бирок ар бир жолу кайрадан тирилет. Баатырды энесинин тирилтиши якут олонхолорундагы эненин душман тарабынан мерт тапкан баласын тирилтүүсүнө окшош. Якут олонхосунда эне баатырдын сөөгүн терип чогултуп темир бешикке салып, бешик ырын ырдап терметип олтуруп тирилтип алат. Ал эми “Семетей” бөлүмүндөгү кайып болуп кетип эсин жоготкон Семетейди элге кайтарууда, эсине келтирүүдө энеси Каныкейдин ак сүтү даба болгондугу айтылат.

Эпикалык поэзияда каармандын төрөлүшү кыргыз элинде жана башка түрк-монгол элдеринде окшош мотивдерде берилет. Фольклорист Р.З. Кыдырбаева белгилегендей: “Эпостун оозеки жашоосу анын вариативдүүлүгүн аныктайт, андагы байыркы катмарлануулар мифологиялык башаттарга барып такалат. Кыргыз эпосунун калыптануусунун алгачкы этабы табуисттик дүйнө кабылдоо менен тыгыз байланышта. Сыйкырдуу касиеттер ыйгарылган буюмдарга табынуу – жаныбарлардын сөөгүнө, асманга, отко, ак түскө, айрым алганда ак сүткө, - фетишизмдин ачык көрүнүшү” [ 5,73 ].

Эпостордо адамзаттык энелерден тышкарызооморфтук эненин образдары да кездешет. Маселен, “Кожожаш” эпосундагы кайберендердин энеси Суречки өз тукумунун сакталышына, аманчылыкта болушуна кам көрөт. Ал эми өсүмдүктөр дүйнөсүнөн алатурган болсок, “Манастагы” Байтерек, “Эр Төштүктөгү” Чуктерек образ эне дарактын кейипкери катары чыгат. Алар кадимки эне сыяктуу

боорунда, бутактарында түрдүү жан-жаныбарларды түнөтүп, уя салдырып багат. Мындай ыйык дарактын образы алтай, хакас, якут ж.б. элдердин эпосторунда бирдей учурайт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз эпосундагы эненин культтук образы эне кудай Умайдан тартып адам кейипкерлерге чейинки, атап айтканда, Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк энелер сыяктуу типтүү образдардын деңгээлинде салттуу калыптанган десек болот.

**Адабияттар**


1. Манас. С. Орозбак уулунун варианты. I китеп. – Ф.: Кызгызстан, 1978.
2. Манас. М. Акбаевдин айтуусунда.. Инв. №387. – С. 176.
3. Пропп В.Я. Поэтика фольклора. – М., 1978.
4. Ибраимов К. Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө. – Ф., 1992.
5. Кыдырбаева Р.З. Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр. – Б.: Бийиктик, 2009.



**OshSU Zhamgyrchieva G.T., docent,**
**gulina65@inbox.ru**


## Mothers archaic character in the Kyrgyz epos "Manas"


*The article touches upon Mothers archaic character in the Kyrgyz epos"Manas".*



***Key words:****archaic, world, folklore, image of mother, epos.*